**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН**

**ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО**

**Протокол №___5____**

**ОШКнын чогулушу**

**2021 ж. "_03__" __декабрь__**

Катышты:

| | | | |
|---|---|---|---|
| ОШК төрагасы: | Саниев Ө. Б. | | |
| ОШК катчысы: | Бошкоева П. Н. | | |
| ОШК мүчөлөрү: | Алмазбек кызы Жазгул | Куттубаева Венера | Чымынтаев Союзбек |
| | Мадылбаева Жумагул | Мырзаканов Улан | Исираилов Улан |
| | Токталиева Айжаркын | Чому кызы Мээрим | |
| | Тургунбаев Эркин | Шадыбекова Алтынай | |

Чакырылган адамдар: №2236 УШКнын төрагасы Батыркожоев С.
№2250 УШКнын төрагасы Кочкоров Б.

**Күн тартиби:** Округдук шайлоо комиссиясына келип түшкөн арыздар (даттануулар) жөнүндө

№19-Токтогул округдук шайлоо комиссиясынын төрагасы - 2021-жылдын 1-декабры куну "Коомар Медиа" коомдук фондунан келип тушкон арыз даттануусу менен тааныштырды. Арызда 2236 участкалык шайлоо комиссиясынын жана 2250 участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасынын иш-аракеттерине нааразычылык бирдиргенижана аны менен кошуп видео далил катары YouTube каналындагы видеолордун шилтемесин бергени айтылат.

Төраганын маалыматын угуп, видеолорду көргөндөн кийин,

**Батыркожоев С.** – Биздин участкада АЭУнун иштешинде катачылыктар же бузулуулар болгон эмес. Видеого АЭУну калибровкалоо учурунда тартып алышкан экен. Ага чейин бардык байкоочуларга автоматташтырылган эсептөөчү урнанын сканерин тазалап, калибровка кылабыз деп түшүндүрүп айтканбыз.

**Мырзаканов У.** – Сабыр мырза айтсаңыз, АЭУ менен добуш берүү кабиналарынын орточо аралыгы канча метр эле?

**Батыркожоев С.** – орточо эсеп менен төрт жарым, беш метр чыгат болчу. Биз шайлоого даярдыктарды көрүү мезгилинде атайын пандемия шарттарын эске алып, аралыктарды сактаганга аракет кылганбыз.

**Чымынтаев С.** – АЭУну эки аял киши кармалап оңдоп жатканын көрдүк, алар кимдер? Колунда бюллетень көтөрүп жүргөнүн, урнага салып жатканын видеодон көрдүк. Буга кандай түшүндүрмө бересиз?

**Батыркожоев С.** – Алар АЭУнун операторлору. АЭУ бюллетендерди кабыл албай кайра артка кайтарып коюп жатты, ошондуктан сканерин тазалап, таза бюллетень салып сканерди калибровкалашты. Калибровка кылып жаткан учурда ал бюллетень эсепке алынбайт, АЭУга кирип кетпейт.

**Мырзаканов У.** – "Коомар Медиа" коомдук фондунун байкоочусу видеого тарткан экен, ал байкоочу сиздердин АЭУну калибровка кылып жатканыныздар жөнүндө маалыматы бар беле?

**Бтыракожоев С.** - Ооба, бардык байкоочуларга айтып анан калибровка кылганбыз.

**Самиев Ө.** – Маалыматыңыз учун рахмат. Башка суроо жок.

№2250 "Энергетик" участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы Бакытбек Жанышбекович сиз видео материал боюнча түшүндүрмө берсеңиз, андан кийин суроо-жоопко өтсөк.

**Кочкоров Б.** – Видеону өзүңүздөр көрдүңүздөр, ал жерде эч кандай үгүттө жөнүндө сөздөр айтылган эмес. Жөн эле сүйлөшүп турган адамдарды видеого тартып алып үгүт иштерин уюштурду деген туура эмес деп ойлойм.

**Токталиева А.** – Видеодогу үн сиздин үнүңүзгө окшош экен, сизди ал жерге чакырыштыбы же өзүңүз бардыңызбы?

**Кочкоров Б.** – Мен өзүм өтүп баратып көрүп калдым. Видеого тартып жаткан жаш бала экен, жөн жерден маселе жаралып калбасын деп аралашып койгом.

**Токталиева А.** – Ошол видеого тартылган аялдар менен тааныштыгыңыз барбы?

**Кочкоров Б. –** Жок. Тааныган эле адамдар бирок, жеке мамилем жок. Эшик суук болгондуктан мектептин коридоруна кирип турган адамдарды чыгарууга аракет кылган эмеспиз. Себеби: ал жер биздин участокто шайлоонун жүрүшүнө тоскоол болбойт турган жер болчу.

**Мырзаканов У. –** Дагы бир суроо. Арызда УШКнын төрагасы агитаторлорду "свои" деп видеого тартышына каршылык көргөздү деп турат. Түшүндүрүп берсеңиз?

**Кочкоров Б. –** Мен аларды свои деп айткан эмесмин, видеодон деле көрүңүздөр. Видеого тартпай эле кой дегеним чын. Анткени көрүп турасыздар, мен ушул арыздын айынан Кара-Көл шаарынан Токтогул шаарына, жумушумду таштап коюп келип олтурам. Ушундай болуп кетпесин деп, эч кандай мыйзам бузуулар болбогондон кийин видеого тартыштын кажети жок дегенмин. Ал жерде Кара-Көл ШИИБнин кызматкерлери дагы күзөттө шайлоо бүткөнчө жүрүштү, дайыма контролдоп турушту. Андан сырткары өзүм "даттануу китепчесин" ачып койгом, ал китепчеге ар бир эки саат сайын мыйзам бузуулар жок деп байкоочулар кол коюп берип жатышкан.

**Самиев Ө**. – Рахмат Бакыт Жанышбекович!
Комиссия мүчөлөрүндө башка суроолор барбы?
Суроолор жок болсо, баарыңыздарга рахмат!
Урматтуу коллегалар, урматтуу УШК төрагалары бул биздин шайлоо ишмердүүлүгүбүзгө зыяны тийбеши керек. Ошондуктан кимде сунуштар бар?

**Мырзаканов У. –** 2236, 2250 эки УШКнын тең төрагаларынын кемчиликтери бар деп эсептеймин. Себеби: алар участкалык шайлоо комиссиялары менен эле эмес байкоочулар менен дагы тыгыз мамиледе болуп, түшүндүрүү иштерин жүргүзүп турушу керек эле. Далил катары берилген видеотасмада далилдер жок экени көрүнүп турат, бирок ошондой болсо дагы арыз (даттануу) түшсө карашыбыз керек. Арыздарды карап чыгып, чечим чыгаруу үчүн убакыт талап кылат. Өзүбүздүн ишибиз көп болуп турганда арыздар келип, убакыт текке кетип жатат. Менин сунушум, эки төрагага тең мыйзам чегинде чара колдонуш керек!

**Самиев Ө**. – Мындай кемчиликтер биринчи жолу болуп жатканын эске алып 2236 УШКнын төрагасы С. Батыркожоевге, 2250 УШКнын төрагасы Б. Кочкоровго эскертүү берүүнү сунуштайм.

**МАКУЛ** __*12*__ **КАРШЫ** __*жок*__ **КАЛЫС** __*жок*__

Талкуудан соң Токтогул округдук шайлоо комиссиясы

**Чечим кылат:**

1. 2236 "Бөкөнбаев УШКнын төрагасы С. Батыркожоевге, 2250 "Энергетик" УШКнын төрагасы Б. Кочкоровго кетирген кемчиликтери үчүн эскертүү берилсин!
2. Ушул чечимдин көчүрмөсү таанышуу үчүн "Коомар Медиа" коомдук фондуна жөнөтүлсүн!
3. Ушул чечимдин көчүрмөсү таанышуу үчүн Борбордук шайлоо комиссиясына жөнөтүлсүн!

ОШК төрагасы Ө. Б. Самиев

ОШК катчысы П. Н. Бошкоева